Паспорттогу жеке сүрөткө талаптар

Киришүү

Паспорттогу жеке сүрөткө коюлган бул талаптар ИКАО Doc 93-03 стандарттарына ылайык иштелип чыккан.

Бул талаптар паспорттогу жеке сүрөттү унификациялоого, паспорттогу сүрөттүн сапаттуу чыгуусун жана паспорттун ээсин идентификациялоону камсыздоого багытталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

Мамлекеттик каттоо кызматы

720040, Бишкек шаары, Орозбеков көчөсү, 44

Тел.: 66 36 05

www.srs.kg

Жалпы

Сүрөттүн негизги параметрлерине тиешелүү паспорттогу жеке сүрөткө жалпы талаптар.

- Сүрөттүн өлчөмү 40х60 мм түзөт;
- Сүрөт адамдын бетин даана көрсөтүү менен жылмакай түстүү кагазга чыгарылат;
- Сүрөткө түшүп жаткан адамдын сүрөтү анын учурдагы сырткы келбетине дал келет.

ТУУРА	ТУУРА ЭМЕС

- Сүрөттүн үстүңкү четинен баштап сүрөткө түшүп жаткан адамдын сүрөтүнүн жогорку чекитине чейинки аралык 5 мм түзөт;
- Адамдын бетинин сүрөтү сүрөткө түшүп жаткан адамдын мурдунун учу сүрөттүн борборунда орун алгандай болуп жайгашат;
- Сүрөткө түшүп жаткан адамдын ээгинен төбөсүнө чейинки аралык сүрөттүн бийиктигинин 70-80% түзөт.

ТУУРА	ТУУРА ЭМЕС




ДЕНЕНИН ТУРУШУ

Паспорттогу жеке сүрөткө түшкөн адамдын турушуна талаптар.

- Сүрөткө түшүп жаткан адамдын бети жана ийиндери фотоаппараттын объективине бет маңдай абалда жайгашат;
- Баш түз абалда жайгашат;
- Көз-караш фотоаппараттын объективине түз багытталат.

ПРАВИЛЬНО

НЕПРАВИЛЬНО

(ийин бир жакка кыйшайган)

(баш жарым-жартылай кыйшайган)

(баш бир жакка кыйшайган)

- Кийим – күндөлүк, сымбаттуу.

Беттин жана кийимдин көрүнүшү

Сүрөткө түшүп жаткан адамдын бетинин көрүнүшүнө, көз айнекке жана баш кийимдерге талаптар

- Беттин көрүнүшү нейтралдуу, ооз жабык, көздөр ачык. Бардык түрдөгү ымдоолорго жол берилбейт (күлүү, көздү жүлжүйтүү, кашты көтөрүү ж.б.);
- Ак кийим менен сүрөткө түшүүгө жол берилбейт, кийим ак фондо даана көрүнүп турууга тийиш;

ТУУРА	ТУУРА ЭМЕС		
			
	(оозун ачып күлүү)	(каш көтөрүлүп турат)	(көз жүлжүйгөн, кабак бүркөлгөн)

- Көз, каш жакшы көрүнүп турат (чач аларды жаппоого тийиш);
- Көз айнек менен сүрөткө түшүүгө медициналык көрсөткүчтөр боюнча гана уруксат берилет. Эгер жаран жарык бергенде линзасы карайып көрүнгөн көз айнек тагынса, жарык берүү караюуну алып сала тургандай болуп жөнгө салынууга тийиш. Эгер андай болбосо, көз айнекти алып салуу же алмаштыруу зарыл;
- Көз айнектин линзасындагы ак тактарга жол берилбейт, көз айнектин алкагы көздү жаппашы керек жана беттин фонунда кескин көрүнбөөгө тийиш.

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(көз айнектин алкагы көздү жаап турат)

(көз айнектин ак тактар)

- Көз айнектерге жана күңүрт линзалуу көз айнектерге медициналык көрсөткүчтөр боюнча гана жол берилет;
- Баш кийимдерге жол берилбейт, диний көз-караштар боюнча аял жынысындагы адамдар үчүн жоолуктан (хиджаб) сырткары;
- Жоолукчан (хиджаб) сүрөткө түшүүдө ээк даана көрүнүшү үчүн ээктин алдындагы моюндун жогорку бөлүгү көрүнүп турууга тийиш;
- Жоолук (хиджаб) башка тыкан салынат;
- Жоолукчан (хиджаб) сүрөткө түшүүдө жоолук (хиджаб) ак фондо даана көрүнүп турууга тийиш.

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(бет жабылган)

(бетке көлөкө түшкөн)

Фон

Сүрөттүн фонуна талаптар

- Сүрөттүн фону эч кандай текстурасы жок бир өңдө жана бирдей ак түстө болот;
- Фондо көлөкө болбошу керек;
- Адамдын бети фондон даана көрүнүп турат;

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС



(бир өңдөгү фон эмес)

(чийилген фон)

(ак фон эмес)

- Сүрөттө башка буюмдар болбоого тийиш. Кичинекей баланы кармап турууга жол берилет, анда аны кармап турган адамдын денеси көрүнбөшү керек.

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(оюнчук, фондо – жаздык)

(башка адамдын денеси көрүнүп турат)

ЖАРЫК БЕРҮҮ

Жарык берүүгө талаптар

- Жарык берүү бир кылка: адамдын бетинде көлөкө же ачык тактар болбошу керек. Адатта бир жарык берүү булагы пайдаланганда бетте жана чекеде ачык тактар пайда болот. Чачыратып жарык берүү сунуш кылынат, мисалы, үч жарык берүү булагын пайдалануу аркылуу;
- “Кызыл көз эффектисине” жол берилбейт;
- Жарык берүү теринин табигый өңүн бурмалабастан, чыныгы өңдө болууга тийиш.

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(чекеде ачык так турат)

(капталынан жарык берилген/көлөкө)

Сүрөттүн техникалык мүнөздөмөсү жана фототехника

- Сүрөт жогорку сапаттагы сүрөт кагазында даярдалат;
- Сүрөткө түшкөн адамдын сырткы келбетин жакшыртуу максатында сүрөттүн түп нускасын редакциялоого, оңдоого тыюу салынат;
- Сүрөттө түрдүү тактарга, булганууга, чийүүгө, сызууга, бырыштырууга, бүктөөгө жол берилбейт;
- Көпкө туруп калган сүрөттөргө же жетиштүү турбаган сүрөттөргө жол берилбейт;

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(көпкө турган сүрөт)

(жетишсиз турган сүрөт)

- Объектив кинокамерага карата кыска телеобъективге 90-130 мм дал келүүгө тийиш;
- Кеңири бурчтуу объективди колдонууга жол берилбейт.

ТУУРА

ТУУРА ЭМЕС

(оптикалык бурмаланган)

ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Сүрөткө түшүп жаткан адамдын турушуна жана бетинин көрүнүшүнө коюлган талаптар боюнча өзгөчөлүктөр

Сүрөткө түшүп жаткан адамдын турушуна жана бетинин көрүнүшүнө жогоруда аталган талаптар коюлбаган сүрөттөргө, эгер алар сүрөткө түшүп жаткан адамдын дене өзгөчөлүгү менен байланышса, уруксат берилет. Мындай учурларда жаран паспортун тариздөөдө өзүнүн дене өзгөчөлүгүн көрсөткөн эркин формадагы арызын берет.